**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-7** **12-июнь 2026-жыл**

**Долбоордук сунуштамаларды баалоо жана артыкчылык берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 29-апрелиндеги чыгыш № 01-28/1095 сандуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-июнундагы № 13 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл аймагында Бириккен улуттар уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) менен Жашыл климаттык фонддун каржылоосу менен ишке ашып жаткан "Кыргыз Республикасындагы токойлорго жана жайыттарга климаттык инвестициялар аркылуу көмүртекти секвестрациялоо" долбоорунун алкагында ишке ашырылып жаткан чакан долбоордук сунуштамалар төмөндөгүдөй тартипте бекитилсин:
   1) Ак-Булак, Кара-Көл, Алчалуу айылындагы жайыт жерлерин 3000 метр аралыгын бөлүп тосмолоо аркылуу жайытты малдан коргоо менен жайыттардын асылдуулугун жогорулатуу.
   2) Жергиликтүү тургундардын макулдугу менен Талаа-Булак айылына 2 га жерге мисте жана бадам эгип, өстүрүү менен жайыт жерлеринин деградациясын азайтуу.
2. Чакан долбоорлордун 15 (он беш) пайызын жергиликтүү элдин жумушчу күчү менен жана 10 (он) пайызы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен акчалай түрдө өздүк салым катары төлөнүп берүүгө макулдук берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**